МАКУЛДАШЫЛДЫ
ОшМУнун профсоюз
уюмунун төрагасы
А.Э. Саттаров

14-март, 2022-жыл

БЕКИТИЛДИ
ОшМУнун ректору,
профессор К.Г.Кожобеков

14-март, 2022-жыл

**ОшМУнун факультеттеринин жана колледждеринин жаштар кеңешинин төрага/төрайымдарынын арасында өткөрүлчү**
**“МЫКТЫ ЖАШТАР КЕҢЕШИ – 2022” сынагынын**
# ЖОБОСУ

## 1. Жалпы жобо

**1.1.** Сынак ОшМУнун факультет, колледждеринин жаштар кеңешинин төрага, төрайымдары ортосунда жүргүзүлөт.
**1.2.** Сынак факультет, колледждердеги студенттик өзүн өзү башкаруу ишин өнүктүрүүнү максат кылат.

## 2. Сынакты өткөрүүнүн тартиби

**2.1.** Жаштар кеңешинин төрагалары, төрайымдары төмөндөгү критерийлер боюнча бааланат:

| Көрсөткүчтөр | | Упайы |
|---|---|---|
| **Норматив-дик базасы** | Факультеттин жаштар кеңеши жөнүндөгү жобосу; Жаштар кеңешинин секторлору жөнүндө жобосу. | 5 |
| **Иш планы** | Жаштар кеңешинин иш планы, сапаты, бекитилгенби; | 5 |
| **Тарбиялык иштердин аткарылышы** | **Жаштар кеңешинин структуралык курамы, иш-аракеттери:** | |
| | Окуу сектору (сабакка келбеген, жетишүүсү начар студенттерди тактоо ж.б.) | 30 |
| | Илим сектору (айына бир жолу адистиктерге байланыштуу илимпоз адамдар, аспиранттар менен жолугушууларды уюштуруу ж.б.) | 20 |
| | «Брейн-ринг» сектору (ар бир айда сабактар боюнча, кругозордук суроолор боюнча интеллектуалдык «Брейн-рингдерди» уюштуруу) | 30 |
| | Дискуссия клубу (1-2-3-4-курстарда дискуссия клубдарды түзүү, айына бир жолу тарбиялык мазмундагы дискуссия уюштуруу) | 20 |
| | Дебат клубу (1-2-3-4-курстарда дебаттык клубдарды түзүү (клубдун мүчөлөрүнүн тизмеси). Айына бир жолу дебаттык мелдештерди уюштуруу (дебаттын темасы жана жарыясынын көчүрмөсү); | 30 |
| | Спорт сектору (семестрде бир жолу тайпалык, курстар аралык спорттук мелдештердин уюштуруу, факультеттин спорттук курама командаларын түзүү), | 15 |
| | Кыздар кеңеши тарбия багытындагы жүргүзгөн ишмердүүлүктөрү; | 20 |
| | ШТК (факультеттин ШТК командасын уюштуруу (алардын аты-жөнү); | 10 |
| | Маданий-уюштуруу сектору (айына бир жолу массалык студенттердин катышуусунда поэзия кечесин уюштуруу (кайсы акын менен өттү) ж.б.) | 10 |
| | Социалдык сектору (факультеттеги турмуш шарты өтө оор, ата-энеси жок, майып студенттердин тизмесин тактоо ж.б.) | 3 |
| | Факультетте өткөзүлгөн тарбиялык маданий-массалык иш-чаралар (ар бир иш чарага 5-20га чейин упай берилет); | 5-20 |

| | | |
|---|---|---|
| | Университеттик деңгээлде уюштурулган маданий-массалык иш чараларга факультеттин катышуусу (ар бир иш чарага 50дөн студент катышса 10 упай берилет) | 10 |
| | Жаштар кеңеши тарабынан уюштурулган иш чараларды шаардык, облустук массалык маалымат каражаттарында чагылдыруу | 10-30га чейин |
| | | |
| | Жаштар кеңешинин төрагасынын, төрайымдарынын жаңы технологияларды өздөштүрүүсү (Интернет мүмкүнчүлүктөрүн билүүсү жана пайдалануусу) | 5-10 |
| | Жаштар кеңешинин төрагасынын, төрайымдарынын билимин баалоо | 10-20га чейин |
| | Жаштар кеңешинин төрагаларынын, төрайымдарынын университеттик жыйындарга үзгүлтүксүз катышуусу | 20 |
| | Жаштар кеңешинин төрагасы, төрайымдары сектор башчылары, старосталар менен жумасына бир жолку иштиктүү жыйыны (жыйындын күн тартибинин көчүрмөсү); | 10 |
| | Университеттик денгээлде өткөзүлгөн маданий-массалык конкурстарда факультеттин командалары ийгиликке жетишсе: | |
| | 1- орунга | 25 |
| | 2-орунга | 20 |
| | 3-орунга | 15 |
| | Факультетке жаштар кеңешинин бурчун уюштуруу | 10 |

**Эскертүү:** ***Ректорат, департамент жана университеттик жаштар кеңеши тарабынан берилген иш-тапшырмалар аткарылбаса, топтогон упайынан кемитилет.***

### 3. Финансылык каржылоо

3.1. Сынакты финансылык каржылоо ОшМУнун ички бюджетинин эсебинен жүргүзүлөт;

### 4. Уюштуруу тобу

4.1. «Эң мыкты жаштар кеңеши» сынагы боюнча ОшМУнун биринчилигин уюштуруу, өткөрүү жана жыйынтыгын чыгаруу ОшМУнун жаштар кеңеши тарабынан жүргүзүлөт.

4.2. Уюштуруу тобунун курамына: университеттин администрация жетекчилеринен, профессордук-окутуучулар курамынан, профсоюз уюмунан, аялдар кеңешинен, жаштар кеңешинен өкүлдөр кирет.

### 5. Сынактын жыйынтыгын чыгаруу

5.1. Сынактын жыйынтыгын атайын түзүлгөн комиссия окуу жылынын аягында чыгарат.

5.2. Сынактын жеңүүчүлөрү эң көп упай топтогонуна карата аныкталат.

5.3. Жеңүүчүлөрдү сыйлоо:

**1-орун** – ОшМУнун ардак грамотасы, 10 000 (он миң) сом жана кийинки окуу жылына бир жылдык акысыз жатаканага сертификат,

**2-орун** - ОшМУнун ардак грамотасы, 7 000 (жети миң) сом жана кийинки окуу жылына жана бир жылдык акысыз жатаканага сертификат;

**3-орун** - ОшМУнун ардак грамотасы, 5 000 (беш миң) сом жана кийинки окуу жылына жана бир жылдык акысыз жатаканага сертификат.

ОшМУнун студенттик коомчулук
менен иштөө боюнча проректору Артыкова Ж.А.

10.03.2022